# ХАНБИЙКЕ АГА ХАНДЫН БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИНИН 2024-ЖЫЛДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН САЛТАНАТТУУ АЗЕМИНЕ КАРАТА КУТТУКТОО СӨЗҮ
15-ИЮНЬ, 2024-ж.

Улуу урматтуу,

Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министри Доктургүл Кендирбаева!

Тажикстан Республикасынын Билим жана илим министри Шайзода Рахим Хамро!

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек Эргешов!

жана Тоолуу Бадахшан автономдуу облусунун губернатору Мирзанабот Алишер Худоберди!

Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Шамш Кассим-Лакха жана Кеңештин мүчөлөрү!

БАУнун аткаруучу ректору Кристофер Герри!

Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы Максим Хомяков! Ошондой эле БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери!

БАУнун донорлору, өнөктөштөрү, ыктыярчылары жана достору!

Ата-энелер, үй-бүлө мүчөлөрү, урматтуу меймандар жана өзгөчө 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

Бүтүрүүчүлөрдүн аземи – бул жогорку окуу жайдын жашоосундагы кубанычтуу көз ирмем. Бир эле учурда маанилүү мезгил мерчеми жана бүтүрүүчүлөрдүн жаңы сапарынын башталышы. Силердин жаныңарда бирге боло албагандыгыма кабатыр болуп турам. Ошентсе дагы чын дилимден чыккан куттуктоомду билдирүүгө мүмкүнчүлүк болуп жатканына ыраазымын. Ошондой эле силердин жетишкендиктер үчүн Канцлерибиз Улуу даражалуу Ага Хандын бактылуу болуп жана сыймыктанып турганына сүйүнүчтөмүн.

Силер бул ийгиликтер үчүн өтө сыймыктанууга тийиишсиңер. Анткени Борбордук Азия Университети – бул жаш агартуу жайы, анын жашы керек болсо 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрдүн курагынан улуу эмес. Силердин жетишкендиктер болочок студенттер үчүн жогорку деңгээлдин чегин белгилеп гана бербестен, ошондой эле биздин миссияны аткаруу жөндөмдүүлүгүн да арттырмакчы. Силердин БАУдан алган билим тажрыйбаңарга өз салымын кошкон көптөгөн мекемелердин жана адамдардын эмгеги

үчүн аларга Канцлерге жана мага кошулуп терең ыраазычылык билдирүүгө силерди да кубаттайт деп ишенем. Алар: биздин эң мыкты окутуучуларыбыз жана кызматкерлерибиз, ата-энелерибиз жана башка үй-бүлө мүчөлөрүбүз, ошондой эле дүйнө жүзүндөгү биздин донорлорубуз, ыктыярчыларыбыз, өнөктөштөрүбүз жана досторубуз!

Биз мурдагыдай эле Университеттин гүлдөп-өсүшүнө баардык ыңгайлуу шарттарды камсыздаган БАУну түзгөн негиздөөчү-мамлекеттердин өкмөттөрүнө терең ыраазыбыз. Мен сиздердин бүгүнкү майрамыңарды өткөрүү үчүн башка Борбор Азиянын бийик тоолуу аймактарындагы ажайып жерден артык жерди элестете албайм. Канткен менен БАУнун кампустарынын табият койнунда жайгашуусу жөн гана жандуу жаратылыштын элесин бербестен жүрөктү алып учкан шык-демди берип тургансыйт. Мындагы керемет көрүнүштөр бул жердеги өзгөчө агартуучулук тажрыйбасы жана чөйрөсү бар бул университеттин миссиясы менен ажырагыс байланышы тууралуу ойлонууга бизди аргасыз кылат.

Мындай ой жүгүртүү маанилүү, себеби татыктуу майрамдардын шаңында силердин көбүңөрдү сапарга чыгуу алдында ушундай толкундануу ээлеп тургандыгын сезүүгө болот.

Биз глобалдык пандемиянын туруктуу кесепеттерин, геосаясий пикир келишпестиктерди, экономикалык олку-солку ахыбалдарды жана социалдык ажырымдарды көрүп турабыз.

Биз илгертен калыптанып калган эрежелерге жана институттарга карата наарazычылыктардын өсүп баратканын, ошол эле мезгилде климаттык кризис биздин планетанын соо болушун коргоо жана жашоонун сапаты боюнча терең ойлонуштурулган иш-аракеттерди талап кылып жатканын байкап жатабыз. Ошону менен бирге биз БАУ кызмат кылып жаткан аймактарда бул аныкталбаган мезгилдердин эбегейсиз кесепеттерине күбө болуудабыз.

Мен бул коопtonууларды түшүнүп турсам дагы, мурдагыдай эле БАУнун силерди ошондой кырдаалдарга мыктылап даярдаганына көзүм жетип турат. Менин бекем ишенимим БАУнун Канцлеринин келечекти элестеткен мүдөөлөрүнө, БАУнун дисциплина аралык мамилелерге умтулуусуна, эксперименталдык окууларына, изилдөөлөрүнө, жаңычылдыктарына, коомдук иштерине таянат. Ушулардын шарапаты менен окутуучулар, студенттер жана бүтүрүүчүлөр динамикалуу жана бир кыйла инклюзивдүү глобалдык агартуу коомун калыптандырууда борбордук ролду ойноп жатышат.

“Агартуу коомунда” салттуу жер, эмгек, чийки заттар, физикалык жана каржылык капиталдарга караганда алдаганча баалуу интеллектуалдык капитал жашоонун сапатын жакшыртуунун жана гүлдөп-өсүүнүн эң кубаттуу генератору болуп эсептелет. Жалпак

тил менен айтканда, коом ээ боло ала турган улуу ресурстар – булар коомдун адамдарынын чыгармачылыгы жана ойлоп табуучулугу.

Баардык коомдорго билим өндүрүшү керек болуп, ал эми социалдык жыргалчылыктарды жана гүлдөп-өсүүнү арттырууда билим ар дайыма маанилүү ролду ойноп келген. Бирок көп учурда коом өзүнүн интеллектуалдык капиталынын толук потенциалын ачууда жана глобалдык билим тармактарына катышууда көп сандаган тоскоолдуктарга учурайт.
Жогорку билимдин жеткиликтүү болушу агартуу коомунун маанилүү компоненттеринин болуп болуп саналат. Изилдөөлөр менен окутуунун мүнөзү да андан кем эмес маанилүү. Бүгүнкү күндө университет үчүн жөн гана жумушка орношуу үчүн тар адистиктеги кесип ээлерин же бүтүрүүчүлөрдү даярдап коюу жетишсиз болуп калды. Дал мына ушул себептен улам БАУнун бакалавриат программасы дисциплина аралык, мультидисциплинардык, эксперименталдык окутуу жана билимди интеграциялоону колго алып келе жатат.

Силер тандап алган компьютер илимдери, экология, экономика же коммуникация тармактарынын кайсынысы болбосун БАУнун бүтүрүүчүсү катары сынчыл ой жүгүртүү, эсептик акыл жүгүртүү жана ар түрдүүлүккө карата конструктивдүү аракет этүү сыяктуу эң күчтүү жөндөмдөргө ээ болдуңар. Силер дүйнөнүн табияты, потенциалы жана коммуникациялык технологиялардын коркунучтары, заманбап коомду башкарып турган институттар, ошондой эле ал институттар өкүм сүрүп турган тарыхый, экономикалык жана геосаясий контексттер тууралуу билимдерге ээ болдуңар. Бул дүйнө жүзүндөгү климаттын өзгөрүшү жана курчап турган чөйрөнүн деградациясы жаатында кечиктирилгис маселелерди чечүү үчүн, ошондой эле планетадагы адамзаттын жашоосунун сапатын жакшыртуу үчүн планетадагы коомдордун биргелешкен иш-аракеттерин талап кылат. Ушул күч-аракеттерди жумшоодо биздин БАУнун жаңы бүтүрүүчүлөрү авангарддык орунда болушат деп терең ишенем.

Эмгек дүйнөсү тез алмашууда, баардык адистерге өз билимин, компетенциясын жана көндүмдөрүн такай жаңылап туруу зарыл болууда. Силердин БАУдан алган тажрыйбаңар силерде билим алууга болгон ынтызарлыкты жана өмүр бою изденүүгө умтулууну калыптандырды. Силер качан өзүңөрдүн билим сапарыңарды уланткан чакта биздин бүгүнкү күнгө чейин 250 000 ден ашык угуучуларды даярдаган Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектебибизге кайрыла аласыңар деп ишенем. Ошондой эле өзүңөрдүн жаңычыл изилдөөңөр жана маалыматтык-агартуу иштериңер аркылуу, болочок магистердик программалар боюнча Жогорку Өнүктүрүү Мектебибиз БАУга кайрадан кошула турган нукка түшүүгө кызмат кылат деген илгери үмүттөмүн.

Эмнени гана тандабагыла баары бир БАУ силердин жашооңордогу жана эмгек жолуңардагы маанилүү бир чыйыр болуп бере алды деп ишенем. Өзүңөр менен чогуу окуган курбалдаштарыңардан кол үзбөгүлө жана анча чоң эмес, бирок күчтүү бүтүрүүчүлөрдүн коомчулугунун биримдигине таянгыла. Билим алуудан, Борбор

Азиянын элдеринин ар түрдүүлүгүнөн жана туруктуулуктан шык-эргүүлөрдү издегиле. Биздин планетанын бүтүндүгүн жана жашоонун сапатын коргоо үчүн өз талантыңарды колдонуунун жолун издеген кезде ушул улуу тоолорду эсиңерге түшүргүлө.

Дүйнө мейкиндигине сапарга аттанып жатып, силер БАУнун жөн гана дипломун албастан, көп адамдардын үмүттөрү менен жоопкерчиликтин мантиясын кийип жатасыңар.
Кайраттуу болгула, боорукердик менен иш кылгыла жана айлана-чөйрөңөрдөгү адамдарды биз умтулган иш-аракеттерге кошулуп эң мыкты дүйнөнү курууга шыктандыргыла!

Рахмат!